Сарчалова А.С.,
К. Карасаев ат. БГУ

АЗЫРКЫ УЧУРДА ЛИНГВИСТИКАДАГЫ «КОНЦЕПТ» ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА АНЫН АР КАНДАЙ ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

Бул макалада «Концепт» түшүнүгүнүн аныктамасы, түпкү мааниси, башка түшүнүктөрдөн айырмаланышы каралган.
Негизги сөздөр: концепт, концептосфера, гештальт, фрейм, түшүнүк.

Азыркы учурда «Концепт» термини көптөгөн гуманитардык илимдерде колдонулат: адабият таанууда, философияда, лингвистикада, психологияда, культурологияда.

Биздин макалынын максаты – бул түшүнүктү аныктоодо ар кандай ыкмаларды изилдөө.

Эң алгач «Концепт» термининин түпкү тамырын карап чыгуу керек. Гуманитардык илимдерде «Концепт» термининин жаңыдан колдонулуп башташына карабастан, бул терминди орто кылымдарда эле илим адамдары изилдеп келишкен. 14-кылымдарда номиналист жана реалисттердин ортосунда талаш-тартыш болгон.

Талаштын предмети болуп аталыш, идея, нерсенин араларындагы байланыш болгон. Ар кандай көз караштардын кагылышуусу «Мелүүн номинализмдин» жаралуусуна себеп болгон. Философия тарыхына «Концептуализм» аты менен кирген. Орто кылым философиясында концептти ат катары, өзгөчө «психологиялык маалыматтар» менен биргеликте, кандайдыр бир «маанилик функциясын» алып жүргөн түшүнүк катары кабыл алышкан.

Эң алгачкылардан болуп, орус ойчулу С.А. Аскольдов (1870-1945) «Концепт» сөзүн азыркы билимдерге киргизе баштаган.

Азыркы учурдун окумуштуулары концептти «билим кванты» [1:90] жана бир идеалдуу объект катары, «адамдын аң-сезиминде маданияттын уюткусу» жана «ошол эле маданияттын менталдуулук бирдиги» катары [4:49] аныкташат. Концепттин эң эле алгачкы элестетилүүсү – бул бир эле убакытта жекелик жана көптүктүн элестетилүүсү.

«Концепт» маданияттын микромодели, маданият болсо – концепттин микромодели. Көптөгөн адабияттардын анализденилиши бизге бир тыянактарды чыгарууга жол берет, концепттер «алгачкы когнитивдүү негиздерди түзөт, алар бизге маани менен сөздү бириктирүүгө мүмкүнчүлүк берет» жана «психологиялык жактан категориялоо функциясын аткарат» [1:15].

В.В. Красных концепт түшүнүгүнүн бир аныктамасын киргизген: [улуттук] концепт – эң чоң, максималдуу түрдө абстракталган, бирок так репрезенттелген, когнитивдүү түрдө иштелип чыгууга кабылган предметтин идеясы [2:268]. В.В. Красных концепттин сөзсүз түрдө визуалдуу көрүнүшүнүн бар болушун жокко чыгарат жана «концепт» терминин бир гана абстракту негиздер үчүн колдонот (мисалы: эрк, бакыт) [2:272].

В.И. Карасиктин көз карашы бир аз жеңилирээктей көрүнөт. Абстракту негиздердин концепттеринин жанында «предметтик» концепттердин бар болгондугун аныктайт (мисалы: матрешка, колобок) [1:122]. Концепттин мындай берилиши бизге концептосфератууралуу бир элес берет.

Көрсөтүлгөн аныктамалардын анализи, бизге «концепт» терминин азыркы лингвистикада вариативдүү болгондугу тууралуу түшүнүк берет. «Концепт» термини кыска (В.В.Красных) жана ошондой эле кенен жайылтылган (В.И. Карасик, Ю.С. Степанов, Е.С. Кубрякова) түшүнүктөрдү камтыйт.

Концепттин аң-сезимге таандык болгондугу талашсыз жана «түшүнүк» деген терминден айырмаланып, бир гана классификацияланган эмес, сезимтал, образдуу, эмпирикалык мүнөздөрдү да өзүнө камтыйт. Концепттер тууралуу адам бир гана ой жүгүртпөйт, аны жашап көрөт, баштан өткөрөт [5:41].

Белгилүү болгондой, концептти түшүнүү лингвокультуралык жана лингво-когнитивдүү жолдор аркылуу таанып билүүгө келип такалат.

Азыркы учурда лингвистикада маани, мазмуну боюнча жакын бир канча термин бар. Мисалы: түшүнүк, концепт, фрейм, гештальт.

«Концепт» терминин түшүнүш үчүн бул түшүнүктөрдү карап чыгып, концепт менен болгон айырмачылыктарын такташ керек.

Кыргыз тилинде «концепт» сөзү латин тилиндеги «conceptus» (түшүнүк) сөзүнүн калькасы болуп эсептелинет. Бул терминдер синонимдер сыяктуу көрүнөт, бирок андай эмес. Азыркы убакта бул түшүнүктөр дана айырмаланып турат жана чектеридагы бар. «Түшүнүк» биринчи иретте логика жана философияда колдонулат, «концепт» болсо культурологияда жана лингвистикада колдонулат [1:128].

Бул терминдерди бириктирген нерсе - алардын менталдуу жаратылышы. Айырмачылыгы эс тутумда сакталган маалымат бирдигин ар тараптуу мүнөздөө [1:128]. Ошентип, «гештальт» түшүнүктүн бирдиктүүлүгүн көрсөтөт, «фрейм» болсо маалыматты кандайдыр бир структурага салып, конкреттештирет. Карасик айтканы боюнча, «концепт» - индивидуалдуу же коллективдүү эс тутумда сакталган баалуу бир маалымат [1:128].

Илим адамдарынын көпчүлүгү (В.И. Карасик, В.В. Красных, Л.О. Чернейко ж.б) концепттин үч бөлүктөн турган түзүлүшүн белгилешет: образдуу, түшүнүк берүүчү, бирдиктүү. Концепттин образдуу тарабы көрүүчү, угуучу, даам берүүчү, жыт алуучу көрүнүштөрүн (кубулуштарын) өзүнө камтыйт. Бул практикалык билимдин белгилери. Концепттин маалымат берүүчү тарабы болсо, анын тилдеги белгилениши, сүрөттөлүшү, белги структурасы, дефинициясы, башка концепттерге караштуу салыштыруу мүнөздөмөсү. Концепттин бирдиктүүлүк тарабы болсо индивид үчүн, тил коллективи үчүн дагы психикалык пайда болушунун баалуулугун мүнөздөйт [1:129].

Концептти түшүнүүдө маанилүү учурлардын бири төмөнкү тезисте белгиленген: «Эчкайсы концепт речте толугу менен чагылдырылбайт» [4:28-29]. Ошентип, З.Д. Попова жана И.А. Стернин төмөнкү далилдерди келтиришет:

1) концепт – бул индивидуалдуу ой жүгүртүүнүн натыйжасы;

2) Концепттин белгилүү бир түзүлүшү жок, ал көлөмдүү, ошондуктан аны толугу менен көрсөтүүгө болбойт;

3) концепттин баардык көрүнүштөрүн жазып, белгилеп коюуга мүмкүн эмес [4:29-30].

Концепттер конкреттүү, абстрактуу, индивидуалдуу жана топтоштурулган болот.

Деталдуу түрдө концепттердин типологиясы иштелип чыккан:

1) Ой жүгүртүүчү сүрөттөр (конкреттүү, көз алдында көрүнгөн образдар – ит «немец овчаркасы»);

2) Схемалар (бир аз деталдуу образдар – үй – жашоочу жай);

3) гиперонимдер (жалпылаштырылган образдар – бак);

4) фреймдер (биздин эсибизде сакталган көрүнүштөр –жаңы жыл);

5) инсайттар (кайсы бир нерсенин функционалдык керектүүлүгүн билүү – кашык);

6) сценарийлер (кайсы бир окуянын сюжетинин өнүгүүсүн билүү – төрөт);

7) калейдоскоптук концепттер (сценарий жана фреймдин жыйындысы менен байланышкан сезимдер – бакыт).

Д.С. Лихачев концепттердин структуралык бирикмесин «концептосфера» деп атоого сунуш киргизген.

Тилдин концептосферасы маданияттын концептосферасы менен дал келет.

Д.С. Лихачевдун оюу боюнча улуттук тилдин концептосферасы өз ара ичинде топтоштурулуп, өзүнчө бөлүнгөн варианттардан турат.

Ошентип, кыргыз тилинин концептосферасы бар, анын ичинде «инженердин» концептосферасы, «үй-бүлөнүн» концептосферасы, индивидуалдуу концептосфера ж.б.у.с.

Концептти изилдөөнүн объектиси катары чындыкты эмес, элдин аң-сезиминдеги, алардын тарыхындагы чагылдыруусун эсептөө керек.

Теориялык булактардын анализи, «концепт» түшүнүгүн жаңы позициялардан тилдин закон ченемдүүлүгүн жана өзгөчөлүктөрүн, аң-сезимдин жана маданияттын, ошондой эле когнитивдүү лингвистиканын, лингвокультурологиянын, психологиянын, культурологиянын, философиянын биргеликте аракеттенишин көрсөтөт.

Адабияттар

1. Языковой круг: личность, концепты, дискус, В. И. Карасик, – М., 2004.

2. От концепта к тексту и обратно. К вопросу о психолингвистике текста В. В. Красных, Вестник Моск. ун-та, Сер. 9 : Филология, – М., 1998

3. Концептосфера русского языка, Д. С. Лихачев, – М., 1993

4. Понятие «концепт» в лингвистических исследованиях, З. Д. Попова, И. А. Стернин, Воронеж, 2000.

5. Семантико-когнитивный анализ языка: Научное издание, З. Д. Попова, К. А. Стернин, – Воронеж, 2006.

6. Имя СУДЬБА как объект концептуального и ассоциативного анализа,Л. Ю. Чернейко, В. А. Долинский// Вестник Моск. ун-та. – Сер. 15. Филология, – М., 1996